1933-жылдын сентябрь айынан тартып чыгууда

Выходит с сентября 1933 года

ЖЕҢИШ ТУУСУ



ЗНАМЯ ПОБЕДЫ

ЫСЫК-АТА

Жума 16.10.2026-ж. №33 (8229) – 23.10.2026-ж. №34 (8230)
Пятница 16.10.2026 г. №33 (8229) – 23.10.2026 г. №34 (8230)

Райондук коомдук-саясий гезит / Районная общественно-политическая газета

ЧҮЙ ОБЛУСУНУН КӨӨНӨРГҮС ТАРЫХЫ



Революциядан кийин Чүй өрөөнү

Кыргызстандын жер соорусу болгон Сары-Өзөн Чүй өрөөнүнүн облус болуп түзүлгөндүгүнө үстбүздөгү жылы кылым толуп отурат. Бир кылым мурунку тарыхка кайрыла турган болсок, 1926-жылы Чүй облусу Чүй кантону деген жаңы ат менен алгачкы жолу Кыргызстандын тарыхында биринчилерден болуп уюшулган.

Түркстан АССРнин Жети-Суу облусуна караштуу Бишкек уездине кирип, борбору Бишкек шаары болгон. 1925-жылы Кыргыз Автономиялык Областы түзүлгөндө азыркы Чүй облусу Бишкек округу деп аталып ,ал Бишкек жана Олуя-Ата уездеринен турган. 1926-жылы кантонго айландырылгандыктан Бишкек округунун ордуна Чүй, Фрунзе кантондору уюштурулган. 1928-жылы республиканын административдик бөлүнүшүнө өзгөртүүлөр киргизилип, кантондордун ордуна райондор уюштурулуп, Борбордук Аткаруу Комитетине жана Кыргыз АССРнин Эл чарба Комиссариатына баш ийген. Мындай көп баскычтуу административдик башкаруучулук төмөнкү баскычтагы бийлик органдарын оперативдүү башкарууга тоскоол болгон.

1930-жылы кезектеги административдик кайра бөлүштүрүү жүргүзүлүп райондук системага өткөн. Мурдагы округ, кантондордун ордуна республикада 24 район түзүлүп, Кыргыз АССР БАКна тике баш ийген. Чүй өрөөнүндө алты район түзүлгөн.

облустук маанидеги шаар макамын алган.

1991-жылы жазында Чүй облустук кеңешине шайлоо болгон. Бир жылдан кийин жаңы Конституцияга ылайык башкаруу иштери депутаттык кеңештен Чүй облустук мамлекеттик администрациясына өткөн.

Чүй облусу өзүнүн географиялык абалынын ылайыктуулугунан, жеринин түздүгүнөн, топурак-климаттык шартынын жагымдуулугунан улам жашоо-тиричиликке өтө ыңгайлуу экенин, анын табият компоненттери жана байыртадан берки бараандуу тарыхы айкын далилдеп турат. Совет бийлигинин аркасы менен Чүй облусунун жаралышы көптөгөн жаңы жаралууну пайда кылган. Кыска мөөнөттө тегирмендер, жыгач иштетүүчү цехтер, май сыгуучу жана пиво кайнатуучу заводдор, кенаф (кендир) фабрикалары ишке кирди. Экинчи беш жылдыктан баштап облустун өсүү темпи жогорулап, көптөгөн чакан ГЭСтер, кийим тигүүчү фабрикалар, Кара-Балтадагы кант заводу жана башка өнөр жайлары өнүгө баштады.

Айрыкча, сабатсыздыкты жоюу, илим, билимге умтулуу аракеттери угуп-көрбөгөндөй деңгээлге жетти. Дежатты... Согуш убагында чүйлүктөр фронттон жарадар болгондорду, эвакуациядагы аялдар, балдард, сүргүнгө айдалган кавказ улутундагы элдерди батырып колдон келген жардамдарын аяшкан жок.

Улуу жеңишке жетишкен совет эли катары чүйлүктөр дагы эл чарбачылыгында жеңиштерге жетишип жатышты. Айрыкча кант кызылчасын өстүрүүдө чүйлүктөр СССРде биринчи орунду камсыздап, З.Кайназарова, Н.Дорошенко, П.Бирюков, Е.Базавлюк, И.Козлов, К.Шопокова, К.Сулайманова, П.Чмырь, А.Чернецова "Социалисттик Эмгектин Баатыры" деген асыл наамга ээ болушту. Көптөгөн эмгектин новаторлору орден, медалдардын кавалерлери болушту.

Жүз чакырымга слзулган Чыгыш Чүй Каналы 1958-жылы толук курулуп бүтүп тоо этегиндеги Кемин, Чүй, Ысык-Ата, Кант, Аламүдүн райондорунун сугат иштери жакшырып, түшүмдүүлүк кескин жогорулады.

Чүй облусу көп улуттуу, ынтымактуу журт. Алардын кандай даражада экенин биргелешип иштеген жеринен, элдик майрамдарды белгилегендигинен билсе болот.

Касиеттүү жер касиеттүү адамдарды жаратат дегендей Сары-Өзөн не деген таланттуу, акылман, мекенчил инсандарды бербеди. Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн негиздөөчүсү Курманжан датка, Кыргыз искусствосун союздук жана дүйнөлүк аренага алып чыккандар, СССРдин Эл артситтери – А.Малдыбаев, С.Кийизбаева, Б.Бейшеналиева, Б.Кыдыкеева, Д.Куюкова, А.Жумахматов, А.Мырзабаев, С.Чокморов, С.Токтакунова, Т.Сейталиев, Х.Мухтаров, К.Сартпаева менен сыймыктана алабыз.

Республиканын илимин өркүндөткөн академик корифейлерден Болот Юнусалиев, Бегималы Жамгырчинов, Какиш Рыскулова, Кайып Оторбаев, Салморбек Табышалиев, Мырзабек Иманалиев, Санжарбек Данияров, Яков Бочкарев, Арстанбек Мурзалиев, Какин Сулайманкулов, Арстанбек Алтымышев, Рысбек Садыков, Турар Койчиев, Шарипа Жоробекова, Зарыл Бакасова, Кушбек Усенбаев, Мамыт Усубакунов, Аскер Турдукуловдорду атап кетүү зарыл. Кыргызстан мамлекет болуп калыптанышына, өсүшүнө, адабият менен искусствосунун гүлдөшүнө салым кошкон инсандар чүйлүктөрдүн сыймыгы болуп саналат.

Чүй борунан чыккан биринчилерге дагы токтолуп өтпөсөк тарых кечирбестир. Кусеин Көлбаев – биринчи инженер, Ишенбай Абдраимов – биринчи летчик, Султаналы Самсалиев - СССР Куралдуу Күчтөрүнүн биринчи генералы, Тобокел Мамыров – СССР спортунун биринчи мастери, Каныбек Осмоналиев – оор ат-

1939-жылы 21-ноябрда Кыргыз АССРнин Жогорку Советинин Указы менен Фрунзе облусу кайрадан түзүлүп, борбору Фрунзе шаары болгон. Жалпы аянты 25993,4 км.кв., калкы 481662 миң адамды түзгөн. Шаарлары – Фрунзе, Токмок, шаарчалары – Кант, Карабалта, Балыкчы, Ак-Түз, Биринчи Май, Кызыл Октябрь, райондору – Киров, Ленинполь, Талас, Буденный, Калинин, Сталин, Сокулук, Ворошилов, Кант, Чүй, Кемин, Балыкчы болгон.

1944-жылы Фрунзе облусунда Кызыл-Аскер, Петровка ,Панфилов, Быстровка райондорун уюштуршкан. Ошол эле жылы Фрунзе жана Жалал-Абад облустарынын эсебинен Талас облусун ачып, ага Талас районундагы төрт районду бөлүп беришкен.

1952-жылы Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Указы менен Суусамыр өрөөнү Фрунзе облусуна карап, отуз жылдан кийин кайрадан Жумгал районуна өткөрүлгөн. Суусамыр жергесинин жашоочуларынын тынымсыз кайрылууларынан улам арадан он төрт жыл өткөндөн кийин алар кайра Чүй облусунун Жайыл районуна караштуу болгон.

1959-жылы Фрунзе облусу жоюлуп, шаар, райондору түз республикалык башкарууга өткөн. Отуз бир жылдан кийин республиканын Жогорку Кеңешинин чечими менен 1990-жылы Чүй облусу кайрадан түзүлүп, ага Аламүдүн, Ысык-Ата, Чүй, Кемин, Жайыл, Москва, Панфилов, Сокулук,Токмок жана Кара-Балта шаарлары баш ийген. Борбору Бишкек шаары болгон. Жарым жылдай облустук компартия комитети уюшулуп, андан кийин шаардык, райондук кеңештерге башкаруу бийлиги өткөрүлгөн. Кошумчалай кетүүчү жагдай, 2024-жылдын март айында Кант шаары милге көтөрүлүп, мектеп куруу, окуучуларга керектүү китеп, дептерлерди элдин өзү чогултуп жатты. Кыска мөөнөттө адамдардын көпчүлүгү окуганды, жазганды үйрөнүп калышты. Мындай жетишкендик дүйнөнүн бир дагы өлкөсүндө кайталана элек.

Совет өлкосүнүн өсүш мезгилине карагаша болуп Улуу Ата Мекендик согуш башталып, ага Фрунзе облусунун тургундары дагы активдүүлүгүн көрсөтүштү. СССР мамлекетинин жүрөгү болгон Москва шаарын коргоодо Панфилов дивизиясындагы Фрунзе облусунун багынбас баатырлары Д.Шопоков, И.Пономарев, А.Романютин, Пантелеевдер "Советтер Союзунун Баатыры" ардактуу сыйлыгына ээ болушту. Фрунзе облусунун азаматтары бардык фронттордогу жан аябаган согушта эрдиктерин көрсөтүштү. Тыл жакшы иштебесе фронтто жеңиш болбосун түшүнгөн чүйлүктөр айыл чарбасындагы зор ийгиликтерди жаратып, согушка тамак-аш, кийим-кечелерди жөнөтүп жатышты. Сексен миңге жакын кыргыз жигиттеримиз ата-бабасы укпаган Уралда, Кузбасс, Караганды, Куйбышев шаарларындагы заводдордо, кен казуу иштеринде, темир жол курууда тынбай иштешти. "Кирген дайра токтобойт" дегендей кан күйгөн согуштун мезгилинде - 1940-жылы башталган Чоң Чүй Каналынын курулушу басаңдамак түгүл күчөп, иштегендердин саны отуз беш миңге жетти. Согуш убагында Лебединовкада, Шамшы суусунда ГЭС, Кара-Балтада химфармзавод, Ак-Түздө тоо-кен комбинаты, Новотроицикде машина куруу заводу, Токмок, Беловодск, Новотроицикде кант заводдору иштеп калды. Айыл чарба жумуштары дагы көтөрүлүп жатты. Абай салып караганда тылда фронтон кем эмес "салгылашуулар" болуп кетинин пайдубалын түптөгөн кыргыз тарыхында алтын тамгалар менен жазылган аталарыбыз – Абдыкерим Сыдыков, Иманалы Айдарбеков, Жайнак Садаев, Ташмуканбет Кудайбергенов, Канат Дербишев, "Эркин-Тоо" гезитинин биринчи номерин Ташкентте даярдоого катышкан кыргыз жазма адабиятынын атасы аталган "Социалисттик Эмгектин Баатыры", академик Аалы Токомбаев, гений-талант Алыкул Осмонов, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаттары Кубанычбек Маликов, Насирдин Байтемиров, Абдрасул Токтомушев, Токтоболот Абдымомунов, Мукаш Абдраев, Насыр Давлесов, Жалил Садыков, Өскөн Даникеев, Майрамкан Абылкасымова, Турар Кожомбердиев, Акбар Рыскулов жана башкаларды кошууга болот.

Гүлдөгөн Совет доорунда жана эгемендүүлүктүн тушунда чыгаан кызматкерлеринен – Шадыкан Иманалиевди, Акматбек Сүйүнбаевди, Султан Ибраимовду, Арстанбек Дүйшеевди, Жумабек Асанкуловду, Апас Жумагуловду, Алиаскар Токтоналиевди, Жумабек Ибраимовду, Александр Железновду, Сакен Бегматованы, Күлүйпа Кондучалованын ысымдарын терең урматтоо менен атаса болот.

летика боюнча олимпиаданын биринчи, төрт жолку дүйнөнүн чемпиону, Абдрахман Алкучак уулу – биринчи элчи, орус императору Екатерина II жиберген элчилердин башчысы (1739-1789-ж.ж.), Турдалы Токбаев – 1924-1926-жылдары Кара-Кыргыз Автономия облусунун Москвадагы туңгуч өкүлү, К.Кулматов – биринчи элчи, СССРдин чет өлкөгө жиберген ишенимдүү адамы.

Бир кылымдык тарыхты койнуна батырган касиеттүү "Алтын өрөөн" Сары-Өзөнүбүз акыркы 20-30 жылдык аралыкта башынан нечен кубанычтуу да, кайгылуу да мезгилдерди башынан кечирди. Өлкөбүздүн төрт бурчунан келген мекендештерибизди бооруна кысты, койнуна катты, өстүрдү, өнүктүрдү. Жаңы доор дагы ушул Чүй боорунан өрүш алды. Экономикалык өсүштүн флагманы да Сары-Өзөн экенин айтсак болот.

Кылым жашың кут болсун, кең Сары-Өзөн Чүйүм! Өнүгө бер, өсө бер!

